**ЖОГОРКУ ЖАНА КЕСИПТИК ОКУУ**

**ВЫСШЕЕ И ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ ОБУЧЕНИЕ**

**HIGHER AND PROFESSIONAL EDUCATION**

***Сатыбекова Бурул Султанкуловна,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***ага окутуучу, педагогика магистри,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# «МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ» АДИСТИГИНДЕ КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫ ОКУТУУНУН НЕГИЗДЕРИ

***Сатыбекова Бурул Султанкуловна,***
***ст.преродаватель, магистр педагогики,***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаев,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# ОСНОВЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ЛИТЕРАТУРЫ ПО СПЕЦИАЛЬНОСТИ «ДОШКОЛЬНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ»

***Satybekova Burul Sultankulovna,***
***teacher,***
***Kyrgyz state University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# FUNDAMENTALS OF TEACHING FICTION IN THE SPECIALTY «PRESCHOOL EDUCATION»

***Аннотация:*** *Макалада студенттерди мектеп жашына чейинки балдарды көркөм адабият менен тааныштыруунун максаты, милдеттери, китеп окуудагы айрым маселелер жана балдардын өнүгүүсүнө китеп окуунун тийгизген таасири жөнүндө маалымат берилет.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются цели и задачи, которые стоят перед студентами при ознакомлении дошкольников с художественной литературой, а также некоторые проблемы, которые возникают у дошкольников при чтении книг, а также представлена информация о влиянии чтения на развитие детей.*

***Annotation:*** *This article discusses the goals and objectives that students face when acquainting preschool children with fiction, as well as some problems that pre-schoolers encounter when reading books, and also provides information on the impact of reading on children's development.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мектепке чейинки билим берүү, адабий текст, билим, билгичтик, балдар көркөм адабияты, көркөм чыгарма, компетенттүүлүк.*

***Ключевые слова****: дошкольное образование, литературный текст, образование, искусство, детская художественная литература, изобразительное искусство, компетенции.*

***Key words:*** *preschool education, literary text, education, art, children's fiction, visual arts, competencies.*

Көркөм адабият адамды жашоо турмушунун алгачкы күнүнөн тартып коштоп жүрөт. Адам баласы мектепке чейинки мезгилде кайсы бир деңгээлде биле албаса кийинки жашоо жолунда ошол тилди өздөштүрө албай каларын илим менен практикада аныкталды.

Максим Горкий: «Өзүмдөгү бардык жакшы сапаттарым үчүн китепке милдеттүүмүн», – деп айтуу менен адамды тарбиялоодогу китептин жана аны окуунун маанисин баса белгилеген. Инсанды тарбиялоо процессинде китеп зор ролду ойнойт, ал кызыктуу жана ишенимдүү кеңешчи катары балачагыбызда жана өспүрүм курагыбызда биздин чыныгы моралдык баалуулуктарга жетүүбүзгө жардам берет. Китеп аркылуу биз бала кезибизден баштап ажайып дүйнө менен таанышабыз, турмуш жолун тандайбыз. Баланын, өспүрүмдүн жана бойго жеткендердин рухий жашоосундагы китептин мааниси жана ролу өтө баалуу. Ал адамдын келечегине жолду көрсөтөт, эң бир укмуштуу каармандар менен жолуктурат, аларга карата шыктандырат.

Азыркы замандын шартында китеп ата-энелердин да көңүлүндө баштапкы маанисинен алыстай баштады, балдардын жашоосундагы китепти телекөрсөтүүлөр, компьютердик технологиялар түртүп чыгарып, негизги каражат катары колдонууда. Китеп окутууга кызыктыруу баланын эрте жашынан башталары жана аны тарбиялоо биринчи кезекте ата-эне, андан кийин бала-бакчанын педагогдору болору жөнүндө толук түшүнүк коомдо жетишсиз, ал эми мектеп менен китепкана болсо баланы китеп окутуудагы кийинки этаптарына кире турганын анчалык деле биле беришпейт, баланын китеп окуусу – улуттун интелектуалдык, адептик, маданий, чыгармачыл потенциалынын көрсөткүчү, анын экономикалык жана саясий жактан жетишкендиги жана келечеги болуп саналат.

Азыркы мезгилде балдар адабиятынын дүйнөсү жана балдардын китеп окуу чөйрөсү өзгөрдү. Балдар адабиятын балдарды тарбиялоонун каражаты жана балалыкты идеологизациялоонун материалы катары эч ким карабай калды, бирок китепти колуна алып, аны балдарга окуп берүү ыйык максатты көздөгөн ар бир киши балдар адабияты боюнча адис боло алат деген азыркы күнгө чейинки улуулардын туруктуу ой-пикири бар. Балдар адабиятындагы көптөгөн теориялык көйгөйлүү маселелер карап чыгууну талап кылат, методика болсо окурманды калыптандыруу эмес, адабиятты окутуу жөнүндөгү маселелерди изилдейт. Балдарга арналып жазылган адабиятты окурман-баладан тышкары, анын жаш өзгөчөлүгүн жана кабыл алуусун эске албай туруп изилдөөгө болбойт.

Ошондой эле, туура тандалып алынган китеп баланын инсандык жетилишине, анын адептик жана руханий баалуулуктарынын калыптанышына жагымдуу таасир бере алат. Балага арналган жакшы китеп аны көркөм образдардын дүйнөсүнө жетелеп кирет, сулуулук жөнүндө алгачкы жана өтө кереметтүү түшүнүктөрдү берет. Адабияттын артыкчылыгы төмөнкүдө, көркөм мазмунун чагылдыруучу каражат болуп кайталангыс тил образы эсептелет, жаш жеткинчектер анын көркөмдүгүнө, бөтөнчө касиетине тартылат. Бул касиет балдарды жандуу сөздөрдү улам-улам кайталоого, сөз оюндарын ойноого шыктандырат, анын натыйжасында сөз баланын байлыгына айланат. Китеп баланын кебин мазмуну жагынан өркүндөтөт, байытат жана белгилүү формага келтирет

XX кылымдын 90-жылдарынан тартып китеп маалымат доорунун ачкычы катары, ар бир адамдын укуктук пайдубалы катары, адамдын жана бүтүндөй улуттун өнүгүүсүнүн шарты катары каралып келе жатат.

Россияда өткөрүлгөн PISA боюнча тестин анализи, анын натыйжасы ар бир мамлекеттин китеп окуу маданиятынын деңгээлине жараша болот деген жыйынтыкка адистерди алып келген. Аталган тест Кыргызстанда эки жолу, 2006-жана 2009-жылдары жүргүзүлгөн, буга 15 жаштагы окуучулар катышышкан. Негизги басым түрдүү жанрдагы тексттерди окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн аныктоого карата жасалган. 2006-жылкы өткөрүлгөн тесттин жыйынтыгы боюнча Кыргызстандан катышкандар 56 мамлекеттин ичинен 56-орунду ээлешкен, 2009-жылдагы тесттин жыйын-

тыгында 65 мамлекеттин ичинен 65-орунду алышкан. КРнын Билим жана илим министирлиги мындай жыйынтыктардын негизги себеби баланын өнүгүүсүнө эрте жашынан тартып көңүл бурулбай келе жаткандыгы менен түшүндүрүшөт.

Келип чыккан мындай көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү үчүн ар бир студент окуу процессинде балдар адабияты тууралуу Ата Мекендик жана дүйнөлүк маданияттын, адабияттын жалпы тенденцияларын чагылдырган өз алдынча тарыхый-адабияттык кубулуш катары түшүнүк алып, мектепке чейинки балдарга багытталган көркөм текстке аналитикалык мамиле түзүү көндүмдөрүнө ээ болууга тийиш.

Ушул жагдайга карата И.Арабаев атындагы КМУнун «Мектепке чейинки билим берүү» адистиги боюнча окуган студенттери үчүн дагы, алардын келечектеги практикалык, профессионалдык жана чыгармачылык иш чөйрөсүнө керектеле тургандай зарыл жана жетишээрлик өлчөмдөгү көркөм адабиятты окутуудагы билим билгичтик, көндүмдөргө жетүү милдети келип чыгып отурат. Мындай маселени чечүү «Балдар көркөм адабияты» курсун окутуу «Мектепке чейинки билим берүү» адис окутуучуларга милдеттендирилген. «Мектепке чейинки билим берүү» адистигинде «Балдар көркөм адабияты» курсу боюнча типтүү программа иштелип чыгып, негизги максаты, милдеттери төмөнкүчө аныкталган.

«Балдар көркөм адабияты» курсунун максаты – студенттерге, келечектеги тарбиячыларга, балдар адабиятынын негизги бөлүмдөрү боюнча билимдердин системасын калыптандыруу, балдарга арналган китептер менен иштөөнү үйрөтүү, балдардын коммуникативдик билгичтиктерин калыптандыруучу, көркөм тексттин автору менен диалог процессинде сөз исскуствосуна тартуучу натыйжалуу иштерине даярданууга жардам берет.

«Балдар көркөм адабияты» боюнча курстун негизги милдеттери - студенттердин балдар адабияты боюнча көз карашын кеңейтүү, балдар адабиятынын өзгөчөлүгү, түзгөн бөлүктөрү, жанрлардын жана алардын түрлөрүнүн системасы менен тааныштыруу, студенттерди балдар адабиятынын чыгармаларын анализдөөгө үйрөтүү, студенттердин эстетикалык даярдыгын кеңейтүү, аларды көркөм окуу искусствосуна тартуу, көркөм чыгарманын текстин түшүнүүсүн тереңдетүү, көркөм табитин өстүрүү, студенттердин көркөм окуу көндүмдөрүн калыптандыруу.

«Балдар көркөм адабияты» курсун өздөштүрүүгө Мамлекеттик стандартта 1 кредит, 30 саат берилген. Окуу убактысы болжолдуу түрдө төмөнкүдөй бөлүмдөргө бөлүштүрүлдү.

| | Бөлүмдөрдүн аталышы | Жалпы сааттар | лекциялар | Практикалык саattар | Өз алдынча иштер |
|---|---|---|---|---|---|
| | Балдар адабиятынын теориясынын негиздери | 4 | 2 | 2 | |
| | Балдар адабиятынын калыптанышы | 6 | 2 | 2 | 2 |
| | Балдар адабиятындагы фольклор | 8 | 4 | 2 | 2 |
| | Мектепке чейинки мекеменин жана үй-бүлөнүн балдарды китеп окууга тартуу иштери. | 12 | 4 | 4 | 4 |
| | **Жалпы:** | **30** | **12** | **10** | **8** |

Менин оюмча бул өтө эле аз саат бөлүнгөн деп эсептейм. Балдар көркөм адабияты – ал улуттун байлыгы. Демек, көркөм адабият билим-тарбия берүүдө комплекстүү кызмат аткарат.

«Балдар көркөм адабияты» боюнча курстун мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт. Лекциялардан сырткары студенттер «Мектепке чейинки мекеменин жана үй-бүлөнүн балдарды китеп окууга тартуу иштери»

боюнча көптөгөн практикалык иштерди аткарышат. Бишкек шаарындагы №10, 107 балдар бакчаларына педагогикалык практикага барышып, тарбиячылардын балдарды көркөм адабияты менен тааныштыруу ыкмаларын үйрөнүп, өздөрү да өз алдынча сабак өтүштү. Ошондой эле, практика учурунда студенттер ата-энелерге балдарды көркөм адабият менен тааныштыруунун максатын түшүндүрүп, сурамжылоо анкеталарын жүргүзүштү. Практикалык сабактарда студенттер жаш аралык тайпалар боюнча программалык талаптарга ылайык балдарды китеп менен тааныштыруунун методикасын колдоно алышты. Кенже мектеп жашына чейинки мезгилден эле баштап, балдардын китепке болгон кызыгууларын, сүйүүсүн тарбиялоо, китептеги иллюстрацияны кароого багыттоо; тексттин мазмунуна көңүл бурдуруу, аны түшүнүүгө жана ага карай эмоционалдуу жооп кайтаруусуна үйрөтүүгө басым жасалды. Жаш балдарды адабий текстти көңүл коюп угууга, суроолорго жооп берүүгө, китепке этияттык мамиле жасоого үйрөтүү иштери жүргүзүлдү. Ортонку тайпада балдардын көңүлү чыгарманын мазмунуна, формасына бурулат, чыгармага кыскача анализ жасалат. Жогорку мектепке чейинки куракта балдар адабий чыгармалардагы окуяларды аң-сезимдүү түрдө баалап, өздүк тажрыйбага байланышпаган нерселерди да түшүнө башташат. Студенттер өз алдынча иштөөдө балдарга арналган адабий чыгармаларды сахналаштыруунун балдар үчүн мааниси жана өзгөчөлүгүн аныктап, сахналаштыруунун түрлөрүн билишти; сахналаштырылган оюн, куурчак театр, стол үстүндө театр, көлөкө театр, фланелеграф аркылуу аткарууга үйрөтүштү.

Мектепке чейинки билим берүү уюмунун ар бир жаш курактык тайпасында китеп бурчу уюштурулуп, ага коюлган талаптар так аткарылды: китеп бурчу ыңгайлуу, жарык, тынч жерге жайгаштырылышы, гигиеналык, эстетикалык талаптарга жооп берүүсү зарыл. Китептер полкаларга, стелаждарга коюлуп, балдардын бойлоруна жараша өз алдынча алып, кайра коюуга ыңгайлуу болууга тийиш. Китептен сырткары адабий чыгармаларды чагылдырган альбомдорду, жазуучу жана акындардын портреттерин жайгаштырса болот.

Студенттер көркөм адабий чыгармаларга жана анын аткарылышына анализ берүүнү үйрөнүштү. Чыгарманын темасын, идеясын жана жанрын аныктоо, композициясын түшүнүү жана аны бөлүмдөргө ажыратуу, ар бир бөлүмдүн негизги оюн жана окуунун милдеттерин аныктоо, каармандардын образын, алардын карым-катышын, кылган иштерин, жүрүм-турумун туура чагылдырып берүү үчүн каражаттарды аныктай алышты. Көркөм чыгарманын тилине анализ берүү, китептеги көркөм тил каражаттарын, автордун жана адабий каармандардын сөзүнүн өзгөчөлүгүн бөлүп алууну үйрөнүштү. Көркөм окуудагы логикалык жана эмоционалдык-образдуу каражаттарды колдонууну, аткаруу чеберчилигине ээ болушту.

«Балдар көркөм адабияты» боюнча курстун мазмунун ишке ашырууда «Бөбөктөр үчүн хрестоматия» окуу китеби активдүү колдонулат. Аталган окуу куралынын түзүүчүлөрү: Кутманалиева Д.О., Садыкбекова А.К., Эсенгулова М.М., Сатыбекова Б.С. «Бөбөктөр үчүн хрестоматияга» мектеп жашына чейинки балдар үчүн (3-5 жаш) окуп жана айтып бере турган адабий тексттер топтолгон. Хрестоматияда фольклордук чыгармалар (жомоктор, аңгемелер, ырлар) жана кичи фольклордук формадагы чыгармаларды (жаңылмачтар, табышмактар, макал-лакаптар, чымчыкейлер) орун алган. Бул окуу куралы мектепке чейинки билим берүү уюмунун кызматкерлерине, педагогикалык жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын окутуучуларына жана студенттерине, мектеп жашына чейинки балдардын ата-энелерине арналат. «Бөбөктөр үчүн хрестоматия» «Кыргыз Республикасында 2015-2020-жылдары мамлекеттик тилин өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын» алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан басылып чыкты.

**Адабияттар:**

1. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. Түзүүчүлөр: Сатыбекова Б.С., Садыкбекова А.К., Кутманалиева Д.О., Эсенгулова М.М. Бишкек "Басма- полиграфиялык комплекс "Принт Экспресс", 2019
2. Балаты: Балдар бакчасы үчүн хрестоматия. Түзүүчүлөр: Сартбаев К., Мураталиева А., Искакова А. Фрунзе: Мектеп, 1989
3. Балдар фольклору "Эл адабияты" сериясынын 20-тому. Бишкек "Шам",1998
4. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары. Бишкек "Бийиктик", 2016 .
5. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. Бишкек "Мектеп" 1991.
6. Добаев К.Д. Наука в Кыргызстане. Основные тенденции и проблемы развития. // Известия КАО.-2016 - №1 (37)- с. 27-36.

***Рецензиялаган:***
***Абдыкерим Муратов,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***